| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 3 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К. Турусбекова<br>_______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>_______________<br>2024-ж. «__» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин жатаканасы жөнүндө**

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо И.Раззаков атындагы КМТУнун Уставына (мындан ары - Университет), И.Раззакова атындагы КМТУнун ички тартибине, И.Раззаков атындагы КМТУнун жатаканаларындагы өрт коопсуздук эрежелерине, И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин билим алуучуларына коюлган бирдиктүү талаптар жана Университеттин жана Колледждин башка жергиликтүү документтерине ылайык иштелип чыккан.

1.2. И.Раззакова атындагы КМТУнун Политехникалык колледжине (мындан ары - Колледж) бөлүнгөн жатакана колледждин сырттан келген билим алуучуларына (мындан ары жатаканада жашайт) каникулдан тышкары окуу мезгилине жайгаштыруу үчүн арналган. Эл аралык келишимдер (контракттар) боюнча колледжге окууга кабыл алынган чет өлкөлүк жарандар колледжде окуган кыргыз жарандары менен бирдей шартта жатаканага жайгаштырылат.

1.3. Жатакана жашоо, өз алдынча окуу жана эс алуу, маданий-агартуу жана спорттук иш-чараларды өткөрүү үчүн зарыл шарттарды камсыз кылууга тийиш.

1.4. Жатаканада санитардык нормаларга жана эрежелерге ылайык изолятор жана санитардык жайлар (ашкана, жуунучу жайлар жана дааратканалар ж.б.) уюштурулат, алар санитардык эрежелерге ылайык зарыл болгон приборлор жана жабдуулар менен жабдылган.

1.5. Жатаканага катталуу билим алуучунун арызынын жана ага тиркелген документтердин негизинде жүргүзүлөт (1-тиркеме).

1.6. Колледждин муктаж болгон кызматкерлерине Колледждин администрациясынын жана университеттин ректораттын макулдугу менен жатаканадан бөлмөнүн болушуна жараша берилиши мүмкүн.

1.7. Жатаканада тарбиячы иштейт. Жатаканада жашаган колледждин билим алуучулары менен тарбия иштерине жалпы жетекчиликти директордун мамлекеттик тил (мындан ары - Мамлекеттик тил) боюнча орун басары жетектейт.